| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ШУМКАР-УЯ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ШУМКАР-УЯ |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

05.09.2024-жыл №40 Сасык булак айылы

**“ Шумкар-Уя айылдык аймагында муниципалдык ишканаларды уюштуруу” жөнүндө**

Күн тартибине коюлган таштанды полигон муниципалдык ишкана ачуу маселесин талкуулап чыгып, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү максатында Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” №125 Мыйзамынын 27-беренесин жетекчилике алып Шумкар-Уя айылдык Кеңешинин 1-чакырылышынын VIII кезексиз сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Шумкар-Уя айылдык аймагындагы таштанды полигонун эффективдүү иштетүү максатында муниципалдык ишканасы уюштурулсун.

2. Шумкар-Уя айыл аймагынын тургундарын ичүүчү таза суу менен камсыздоо максатында таза-суу муниципалдык ишканасы уюштурулсун.

3. Жаңы түзүлгөн муниципалдык ишканага жетекчи дайындап, автоунаа жана иш жүргүзүү кеңсе, эмеректери менен камсыздалсын.

4. Токтомду мыйзам чегинде аткаруу жагы Шумкар-Уя айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Б. Кыдыралиевге милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

Төрага А. Борукеев